КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

АК-БУЛУҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
721801 Ак-Булуна.Торгоев кочосу. 7
ИНН 00101197410057
р\с № 29017238210040
Ак-Суу КРБ,440401125100016О
Коду 70111
РСК банк ААК Теплоключенка филиалы
E-mail :akbulun.ao@mail.ru
Факс (3948)60567

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АК-БУЛУНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
721801 с Ак-Булун ул.Торгоева 7
ИНН 00101197410040
р\с № 29017238210040
Теплоключенская ФОАО "РСК Банк"
код70111
Ак-Суйский РОК,44040112510006О
E-mail : akbulun.ao@mail.ru

**Ак-Булуң айыл аймактык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги чакырылган 17-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2023-жылдын 07-февралы № 2** **Ак-Булуң а**

**2023-жылга Ак-Булуң айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө**

Ак-Булуң айылдык кеңеши **Токтом кылат :**

1. 2023-жылга райондук бюджет кирешелер жана чыгымдар боюнча 20 638,1 сом көлөмүндө №1тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттен 2023-жылга каржылануучу чыгымдардын көлөмү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин 20 638,1 сом.
3. Патенттин негиздериндеги киреше жер салыгынын акы төлөп кызмат көрсөтүүдөн жана чекене товар жүгүртүүдөн алынуучу салыктардан жана юстиция органдары тарабынан алынуучу жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдүн өлчөмдөрү №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Ар кандай каражаттарга чегерүүлөрдү каржылоо. Чыгымдар кирешелер менен теңдештирүү максатында Республикалык бюджет эсебинен теңдештирүү грант айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 13 715,0 сом.
5. Жергиликтүү бюджет каржылануучу эмгек акы фондусунун чектелген көлөмдөрү №4 тиркемеге ылайык бекитилсин 8 993,1 сом. 2023-жылдын бюджетине каралган чыгымдардын чегинде төлөө жүргүзүү сунуш кылынсын жана биринчи кезекте эмгек акы төлөө социалдык фондко чегерүүлөргө жана башка корголгон (защищенный) статьяларга жумшалсын.

6. Айыл өкмөтүнө бюджеттеги каралган кирешелерди жана чыгымдарды толук аткарууга багытталган иш чараларды регулярдуу түрдө ишке ашыруу милдеттендирилсин. 2023-жылы бюджеттен каржылоо түшкөн кирешелердин көлөмүндө жүргүзүүлөрү жана биринчи кезекте эмгек акы төлөөгө социалдык фондко чегерүүлөргө тамак-ашка жана жеңилдиктерге каралган чыгымдарды каржылоого жумшалсын.
7. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин атайын каражаттарынын казыналыктан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын. Казыналыктан тышкары пайдаланган каражаттар тиешелүү деңгээлдеги бюджеттерге алынышы бекитилсин.
8. 2023-жылдагы айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин аткарылышы кирешелер боюнча жалпы 20 638,1 сом 100% өлчөмүндө бекитилсин.
9. Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөөсү айыл өкмөт башчысы Э. Торогелдиевке жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Алымжан уулу Исламбек**